Окумуштуу кеңешинде каралды
"25" "апрель" 2019 ж.
№ "9" Протокол

Бекитемин
АЭУ нин ректору
п.и.к., доцент Эрдолатов С.С.
____________
"29" апрель 2019 ж.

# «Ала – Тоо» эл аралык университетинин Жайкы окууну уюштуруу тууралуу жобо

1. Жайкы окууну уюштуруу тууралуу жобо «Ала-Тоо» эл аралык университетинин бакалавр жана орто кесиптик билим берүү программаларында жайкы окууну ишке ашырууну жол-жоболордун негизинде жөнгө салат.
2. Бул жобо «Ала-Тоо» эл аралык университетинин "Окутуунун кредиттик технологиясы (ECTS) боюнча окуу процессин уюштуруу тууралуу жобосунун" негизинде даярдалган.
3. Жайкы окуу, студенттин жайкы окууга катышуу тууралуу берген арызы, кафедралардын сунушу менен ОжСБ департаменти тарабынан бекитүүсү менен ачылат.
4. Жайкы окуунун академиялык календарын, бул жободо көрсөтүлгөн мөөнөттү эске алып, ОжСБ департаменти тарабынан бекитет.
5. Жайкы окуунун мөөнөттү сынактары менен бирге 6 жумадан кем болбойт.
6. Жайкы окууда, күзгү жана жазгы семестрдин дисциплиналарынын пландары жана сааттары/ кредиттери (ECTS) негиз катары алынат.
7. Жайкы окуу, күзгү жана жазгы семестрден тышкары өзүнчө семестр катары эсептелинбейт, жазгы семестрдин уландысы болуп саналат.
8. Жайкы окуу окуу дисциплинасы эң аз **2** студенттин катталуусу менен ачылат, эгерде студент бир сабакты тапшырыш үчүн кредиттердин акысын эки эсе төлөсө, сабакты каттоо жана ачуу каралган.
9. Студент, жайкы окуу дисциплиналарына эң кеч дегенде жайкы окуунун башталышынан бир жума мурун катталуусу зарыл.
10. Жайкы окуу дисциплиналарына катталуучу студент тиешелүү жыл үчүн университеттин башкаруу кенеши бекитилген жайкы окуу

дисциплиналарынын акысын төлөөгө милдеттүү. Дене тарбия курсуна 2 кредиттик акы төлөнөт.

11. Жайкы окууга киргизилген бакалавр жана орто кесиптик билим беруу программаларынын окуу дисциплиналарына, бакалавр багыттары боюнча **20** кредитке чейин катталууга укуктуу.
12. Жайкы окуу башталгандан кийин, окуу дисциплиналарынын коштуруу же алып салууга уруксат берилбейт.
13. Жайкы окууда студент сабактарга катышууга милдеттүү.
14. ОжСБ департаменти тарабынан кабыл алынган негиздүү жана жүйөлүү себептерге байланыштуу студент жайкы окуу курсунан бир жума мурун баш тартса, тиешелүү кафедранын чечими менен каттоодон чыгарууга болот. Жайкы окуу курсунан баш тарткан студенттин төлөгөн окуу акысынын 80% кайтарылып берилет.
15. Жайкы окууга студент окуу планына ылайык, өйдөңкү курстан сабакты каттатып, окуй албайт. Жайкы окууга студент тапшыра албай калган сабактарды гана каттата алат.
16. Жайкы окуунун акысы биринчи тиркемеде көрсөтүлгөн.

Окуу жана сапатты башкаруу департаментинин директору — Талант Асан уулу

ОжСБ департаментинин адиси — Омурова А.

**Тиркеме №1**

## Жайкы окуу үчүн төлөмдөр
## 2018 - 2019 окуу жылына

| № | | 1 кредит үчүн төлөм (сом) | n студенттин n кредит үчүн төлөмү (сом) |
|---|---|---|---|
| 1 | Студентти төлөмү | 1700 | nxnx1700=nxnx1700 |
| 2 | Окутуучуга төлөмү | 2400 | n(кредит)x2400=n(кредит)x2400 |

## Мисалы:

| № | | 2 кредит үчүн төлөм (сом) | n студенттин n кредит үчүн төлөмү (сом) |
|---|---|---|---|
| 1 | Студентти төлөмү | 2x1700= 3400 | 2x2x1700=6800 |
| 2 | Окутуучуга төлөмү | 2x2400=4800 | 2x2400=4800 |

Примечание

*Жайкы окуу предметти каттатыш үчүн эң аз дегенде 2 студент предметти алуусу зарыл, же болбосо 1 студент ала турган предметтин кредитин 2 эсе төлөөсү зарыл.